УДК 37.026
**DOI:10.58494/esai.23(7).2023.11**

*Истамбекова Т.И.,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, магистрант*
*Саипова Курманжан,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, магистрант*
*Дурусалы кызы Айтурган,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, магистрант*

## БАШТАЛГЫЧ КЛАССТА ДИДАКТИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАРГА АРНАЛГАН ЭМГЕКТЕР

***Аннотация**. Макаланын мазмуну белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор белгилүү окумуштуу Каратай Сартбаевдин 3-класска арналган дидактикалык материалдарына арналган. Дидактикалык материалды түзүүдо автор окуу программасы, окуу китебиндеги окуу материалдарын жетекчиликке алуу менен түзүлүү системасы боюнча сунуштаган. Методикалык колдонмо алгачкы жолу Каратай Сартабаев тарабынан түзүлгон, бул кайталанган басылмасы болуп эсептелген. Макаланын мазмунун ачууда дидактикалык материалдарды колдонуунун ыкмалары, формалары, методдору каралып, алардын практикалык мазмуну ачылган. Эмгектеги дидактикалык материалдардын түзүлүшүндө автор элдик оозеки чыгармалардан, ырлардан, аңгемелерден, газета-журналдардан алган тексттер боюнча түзүп, анын практикалык жагына озгочо басым жасалгандыгы анализденген. Эмгектин мазмунунда автор окуучунун оозеки, жазуу кебин калыптандырууга, ошондой эле окуучунун орфографиялык, орфоэпиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун арттыруу максатын көздөө менен текстти тандоого ушул ойлорду жетекчиликке алган. Окуучунун каллиграфиялык сабаттуулугун калыптандыруучу материалдар да эмгектен орун алгандыгы анализденген. Жалпысынан, макала окумуштуунун дидактикалык материалдарынын мугалимге керектүү, зарыл окуу колдонмо экендигин баса белгиленген.*

***Түйүндүү сөздөр:** Дидактикалык материалдар, текст, текст түзүү, орфографиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык, стилистикалык эрежелер, фонетикалык, синтаксистик, морфологиялык материалдар, грамматикалык эрежелер, тыбыштардын бөлүнүшү.*

## ТРУДЫ ПОСВЯЩЕНЫ ДИДАКТИЧЕСКИМ МАТЕРИАЛАМ В НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЕ

***Аннотация.** Содержание статьи посвящено дидактическим материалам известного ученого, кандидата педагогических наук, профессора Каратая Сартбаева для 3 класса. При создании дидактического материала автор предложил учебную программу, систему творчества, основанную на методических материалах учебника. Методическое пособие впервые было создано Каратаем Сартабаевым и считается многократным изданием. При раскрытии содержания статьи были рассмотрены способы, формы и приемы использования дидактических материалов, раскрыто их практическое содержание. Проанализировано, что дидактический материал в произведении создан автором на основе текстов, взятых из народных произведений, песен, рассказов, газет и журналов, при этом особый акцент сделан на его практической стороне. В содержании работы автор руководствовался подбором текста с целью формирования устной и письменной речи учащегося, а также совершенствования орфографической, орфографической, пунктуационной и стилистической грамотности учащегося. Проанализировано, что в работу включены материалы, формирующие каллиграфическую грамотность учащихся. В целом в статье подчеркивается, что дидактические материалы ученого являются полезным и необходимым учебным пособием для учителя.*

***Ключевые слова:*** *Дидактические материалы, текст, составление текста, правила орфографические, пунктуационные, орфоэпические, стилистсические, мофрологические материалы, грамматические правилы, разделение звуков.*

## THE WORKS ARE DEVOTED TO DIDACTIC MATERIALS IN PRIMARY SCHOOL

***Annotation.****The content of the article is devoted to the didactic materials of the famous scientist, candidate of pedagogical sciences, professor Karatay Sarthaev for grade 3. When creating didactic material, the author proposed a curriculum, a system of creativity based on the methodological materials of the textbook. The methodological manual was first created by Karatay Sartabaev and is considered a multiple edition. When disclosing the content of the article, the methods, forms and techniques of using didactic materials were considered, and their practical content was revealed. It is analyzed that the didactic material in the work was created by the author on the basis of texts taken from folk works, songs, stories, newspapers and magazines, with special emphasis placed on its practical side. In the content of the work, the author was guided by the selection of text in order to form the student's oral and written speech, as well as improve the student's spelling, spelling, punctuation and stylistic literacy. It is analyzed that the work includes materials that form students' calligraphic literacy. In general, the article emphasizes that the scientist's didactic materials are a useful and necessary teaching aid for teachers.*

***Key words:*** *Didactic materials, text, text composition, spelling rules, punctuation, orthoepic, stylistic, mophrological materials, grammatical rules, separation of sounds.*

Башталгыч класста кыргыз тилин окутууга арналган эмгектер иштелди, методикалык колдонмолор жарык көрдү, мектеп тажрыйбасына колдонулду. Бул илим өзүнүн тарыхы, өнүгүүсү бар илим катарында кыргыз педагогикасында окулуп, үйрөнүлүп келе жатат. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасы бир кылымга жакын убакыттан бери калыптанды, өнүктү. Бул илимге өзүнүн көп эмгектерин жараткан агаруучулар К.Тыныстанов, Э.Арабаев, С.Наматовдун эмгектери чыйыр салгандыгы менен баалуу [1, 3].

Башталгыч класста кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган бир топ изилдөөлөр окумуштуулар К.Сартбаев, Б.Рысбекова,А.Мураталиева, М.Раимбекова, Б.Чокошева,А.Акуновалар тарабынан бул илимдин түрдүү тармактарын окутулушуна арналган эмгектер жарык көрүп, кыргыз тилин окутууда бир топ эмгектер жарыяланды, мектеп тажрыйбасына сунушталды.Жогорудагы окумуштуулардын ичинен бул илимге Каратай Сартбаевдин кошкон салымы өтө чон. Башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуунун методикасына арналган фундаменталдуу эмгек 1965-жылы алгачкы жолу жарык көргөн.Эмгектин башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууга арналган бөлүгү белгилүү окумуштуу, педагогика илимдеринин кандидаты, профессор Каратай Сартбаевге таандык. Окумуштуунун башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууга арналган эмгектеринин топтому 2013-жылы 10 томдук жыйнакка басылып чыкты. Демек, окумуштуунун башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууга кошкон салымын, ордун ушул эмгектен байкоого болот. Окумуштуу 50 жылдан ашуун педагогикалык тажрыйбасын башталгыч мектепте кыргыз тилин окутууга арнаган. Окумуштуунун башталгыч мектепте кыргыз тилин окутуудагы орфогшрафиялык, стилистикалык, пунктуациялык эрежелер,окуучунун кол жазма сулуулугуна арналган колдонмолор окутуунун проблемаларына арналган. Биздин макаланын мазмуну окумуштуунун “3-класстын окуучулары үчүн кыргыз тилинин дидактикалык материалдары” (Бишкек, 2014) деген аталыштагы башталгыч мектептин мугалимдерине арналган методикалык колдонмосу жөнүндө болмокчу.

Эмгек 2014-жылы кайрадан басылган. Эмгек буга чейин колдонулуп келген, кайрадан мугалимдердин өтүнүчү боюнча басылган. Кыргыз башталгыч класстарында дидактикалык материалдар боюнча методикалык колдонмо алгачкы жолу Каратай Сартбаевдин ушул эмгеги басылган. Мугалимдер бул эмгекти инсанга багыттап окутуу технологиясын ишке ашырууда бул дидактикалык материалдарды түрдүү ыкмада колдонуу менен окуучунун

таанып-билүү өз алдынчалыгын өнүктүрүп, интеллектин өстүрө алат.Карточкалардын жардамы менен системалуу түрдө иш жүргүзүү окуучулардын өз алдынча жупта,топто иштөө көндүмдөргө үйрөтөт, билим сапатын арттырып, окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Мугалим окуучунун таанып-билүүнүн эң жөнөкөй эске тутуу денгээлинен жогорку чыгармачылык денгээлге жеткирүүгө көмөкчү болот [1, 2].

Дидактикалык материалдарда (карточкалар) төмөнкү эрежелер сакталат:

1.Кыргыз тили боюнча түзүлгөн дидактикалык материалдар окуу программасында көрсөтүлгөн жана окуу китебинде берилген окуу материалдарынын тегерегинде түзүлөт. Окуу китебиндеги окуу материалдары кандай жайгаштырылса, дидактикалык материалдардын түзүлүшүндө ал принциптер сакталат. Дидактикалык материалдар жаны теманы өтүүдө гана колдонулбастан, ал өтүлгөн теманы бышыктоодо, кайталоо сабактарында да пайдаланылат. Дидактикатикалык материалды колдонууда создөрдүн ар түрдүү топтору жана сүйлөмдөр окуучулардын сөз байлыгын арттырып, алардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүдо чон ролду ойнойт;

2.Дидактикалык материалдар кыргыз тилинин белгилүү темаларына ылайык женилден оорго, жөнөкөйдөн татаалга ылайык тузүлүүгө тийиш. Демек, дидактикалык карточкалар окуучунун өздөштүрүү жөндөмүнө карата сунушталат;

3.Окуучулардын жеке жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле кыргыз тилинен алган билим денгээлин так баалоо менен сунушталат;

4.Кыргыз тилин окутууда дидактикалык материалдарды колдонуу менен окуучулардын тилдик компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен алардын логикалык ойлоосун өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат;

3-класстын окуучулары үчүн түзүлгөн дидактикалык материалдарга 1-2-класста окутулган фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик материалдарды, зат, сын, сан, ат атоочтор, этиш, тактооч, сүйлөм, сүйлөмдүн мүчөлору, жалан, жайылма, бир өнчөй мүчөлүү сүйлөмдөр, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, төл жана бөтөн сөз, айтылышы жана жазылышы бирдей болбогон сөздөр жана байланыштуу кеп кирет.

Дидактикалык карточкалардын материалынын тематикасы ар түркүн болуу менен окуучуларга билим да, тарбия да берүүгө татыктуу болууга тийиш. Ошондуктан андагы материалдар негизинен акын-жазуучуларыбыздын чыгармаларынан, элдик оозеки чыгармаларынын мыкты үлгүлөрүнөн (макалдардан,табышмактардан, жомоктордон, тамсилдерден), газета-журналдардан тандалып алыгандыгы автор тарабынан белгиленген [4].

Дидактикалык материалдын түзүлүшүн төмөндөгүдөй классификациялоого болот. Эн алган эмгекте 1-2-класстагы окуу материалдарын кайталоого карата окуу тапшырмалар иштелген. Ырды окуп, анын биринчи сабындагы сөздөр канча тыбыштан турганын аныктагыла.

Шаркырап суум агасын,
Шашып кайда барасын?
Токтолбостон мөлтүлдөп,
Каптайсын накта талаасын.

Мындай тапшырманын тиби окуучу үчүн оозеки аткарылышы, алардын тыбыш жөнүндөгү маалыматын тайытууга шарт түзөрү белгилүү. Ошондой эле окуучу мындай тапшырмаларды оозеки угушу калыптанат. Алардын угууц сезиминде эске тутутулуп, алардын жазылышына көнүл бурат. Ушул эле тыбыш менен тамганы кайталоого карата создө канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныктоого карата тапшырмалар берилгенг.

Ал эми алфавитти үйрөтүүгө карата төмөнкү тапшырмалар менен толукталган [5]. Мисалы, 11-тапшырмада ырдагы сөдөрдү алфавит тартибинде айтып бергиле, илттошкон тамгалар катышкан создордү аныктагыла өндүү тапшырмалар кездешет. Мындай тапшырмалардын мазмуну окуучунун алфавиттин түзулушун оозеки үйрөнүүгө шарт түзө алат. Ушундай маанидеги тапшырмалар окуучунун тамга менен тыбыштын айтылышын айырмалоого, алардын жазылышын билүүгө, кол жазма сулуулугун калыптандырууга багыт

алат. Ушундай маанидеги тапшырмалар иоттошкон тамгаларга, тыбыш жана тамгагаг, жжон жана очке үндүүлөргө, созулма үндүүлөргө, жумшак жана каткалан үнсүздоргө, катар жана бир создө окшош үнсүздордүн катар жазылышы, сүйломдүн ээси жана баяндоочуна карата бир топ тапшырмалардын үлгүсү берилген. Жалпылап айтканда, окуу китебиндеги окуу материалдары камтылган.

3-класста өтүлүүчү материалдар создүн уңгусу жана мүчөсүнөн башталган. Эмгектин түзулүшүнүн тапшырмалары эн алгач оозеки, андан кийин сүйлөм тузүү, анан көчүрүп жазуу принциби менен сунушталган. Ошондой ар бир теманын өзгөчөлүгүн эске алуу менен түзүлгөн. Автордун негизги максаты – окуучунун тилдик, орфографиялык, орфоэпиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун калыптандыруу багытын көздөгөнү байкалат. Мисалга, төмөндөгу сөздөрдөн унгулаш сөздөрдү таап айтып бергиле, сөздөрдү катыштырып сүйлөм түзгүлө, сөздөрдүн унгу мүчөсүн оозеки ажыраткыла ж.б. Жазуу жүзүндө аткарылууучу тапшырмалардын түрү, мисалга, көп чекиттин ордуна суроолорго ылайык сөздөрдү таап, көчүрүп чыккыла, сүйлөмдөрдөн унгулаш сөздөрдү таап көчүргүлө. көп чекиттин ордун унгулаш сөздөрду таап жазгыла ж.б. Ал эми айрым тексттерди таблица түрүндо ажыратуу да сунушталган [5, 6]. Мисалы, 17-тапшырмага берилген көнүгүү.

**Ар бир саптагы сөздөрдү суроосу менен бирге окугула.** Заттардын кыймылын билдирген сөздоргө ылайык заттардын атын билдирген сөздөрдү суроолордун ордуна таап жазгыла. Ал сөздөрдү унгу, мүчөгө ажыраткыла.

Ким окуду, ойноду, иштеди?

Ким бычты, тикти, олчоду?

Ким бийледи?

Ким ырдады?

Ким дарылайт, карайт,айыктырат?

Пайдалануучу сөздөр**: тикмечи, окуучу, врач, бийчи, ырчы.**

Суроо аркылуу түзүлгөн тапшырмаларды аткаруу менен окуучу ар бир сөздүн маанисин, жазылышын тушүнүү менен алардын лексикалык маанисин түшүнөт. Сөздөрдүн орфографиялык эрежелерин үйрөнөт, заттардын аттарын салышытырууга машыгат, алардын оозеки жана кепте жазылышын үйрөнөт.

**Макалдарды окугула. Андагы заттын атын, кыймылын билдирген сөздөрдү ажыраткыла.**

Конгуроосу шынгырайт,
Кулагына шыбырайт.
Сөз сүйлөсөн, жооп айтат,
Бул эмне билсен айт? (т,,,,,,,,,,,,,,,,)

Макалдарды талдоого берилген материалдар көбүнчө жаттоо үчүн гана пайдаланып келе жатат. Мындай тапшырмалар окуучунун сөз түркүмдөрүнүн маанисин айырмалоого мүмкүнчүлүк түзөт.

**Корутунду**

1. Дидактикалык материалдар менен иштөө, аларды сабакта пайдалануу окутуу процессинде маанилүү маселе катары үйрөтүлүп келе жатат. Кыргыз башталгыч класстарында бул проблемага арналган К.Сартбаевдин, З.Маразыкованын 3-4-класстарга арналган методикалык колдонмосу жарык көргөн. Биз жогоруда сөз кылган дидактикалык колдонмодо 3-класстын окуучуларына арналган.

2. Дидактикалык колдонмо мугалим үчүн окуучу окуу материалын терен оздоштүрүүгө көмөк корсөтүүчү курал катары бааланууга тийиш. Эмгектин мазмуну окуу материалдарын толуктоо менен кошумча материалдар сунуш кылынгандыгы менен баалуу.

3. Дидактикалык материалдарды колдонуу менен мугалим окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн, фонетикалык, грамматикалык эрежелерди өздөштүрүүсүнө көмөк көрсөтөт.

4. Дидактикалык материалдардын мазмунун үйрөнүү менен окуучу орфографиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык, стилистикалык эрежелерди тереӊ өздөштүрө алат.

5. Дидактикалык материалдардын окуп-үйрөнүү менен окуучунун кол жазма маданияты калыптанат, аны өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк алат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Сартбаев К. 3-класстын окуучулары үчүн кыргыз тилинин дидактикалык материалдары. Башталгыч мектептин мугалимдери үчүн.–Бишкек. -2014. –93 б.

2. Сартбаев К. 4-класстын окуучулары үчүн кыргыз тилинин дидактикалык материалдары.–Бишкек. -2014

3. Кыргыз Республикасынын мектептеринде билим берүүнүн мамлекеттик стандарты.–Бишкек. -2022. 7-15 б.

4. Башталгыч класстардын программасы.Кыргыз тили, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу. Математика. Мекен таануу (1-4-кл.).–Бишкек. -2022

5. Рысбаев С.К.,Исакова Ч. Кыргыз тили. 3-класс.–Бишкек. -2009.–166 б.

6. Шаелдаева С.Кыргыз тили. Кыргыз орто мектептеринин 4-класс үчүн окуу китеби.. –Бишкек, 2007